КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 3-ноябрь №120 Манас айылы

**Талас районундагы административдик –аймактык реформаны ишке ашыруу жөнүндө.**

2023-жылдын 26-сентябрындагы Манас,Чат-Базар айыл тургундарына өткөрүлгөн элдик жыйындын протоколуна таянып, Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Талас районундагы административдик –аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун №1 чечими колдоого алынсын.

2. Өмүралиев айыл аймагына Кара-Суу айыл аймагын бириктирүү менен Чоң-Алыш айыл аймагы болуп аталсын.

3. Бириккен Чоң-Алыш айыл аймагынын борбору Манас айылында жайгашсын.

4. Бириктирилип жаткан айыл аймактын картасын, чек араларын, жайыт аянттарын, калкынын санын тактоо иштерин райондук мамлекеттик администрациясында түзүлгөн жумушчу тобу менен иш алып баруу жагы Өмүралиев айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кубанычбековго жүктөлсүн.

5. Токтомду аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

6. Токтом Талас райондук мамлекеттик адинистрациясынын https://talasrai.gos/kg/ веб сайтына жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **М. Дөөлөталиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 3-ноябрь №121 Манас айылы

Өмүралиев айыл аймагынын 2022-2026-жылдарга чейинки түзүлгөн стратегиялык жана инвестициялык өнүгүү программасын жактыруу жана каржылоо булактарына долбоорлорду өткөрүү максатында Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Өмүралиев айыл аймагынын 2022-2026-жылдарга чейинки түзүлгөн стратегиялык жана инвестициялык өнүгүү программасы жактырылсын.
2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчы А.Кубанычбековко жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **М. Дөөлөталиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ** |

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 3-ноябрь №122 Манас айылы

**"Короо сарай куруу үчүн" категориясына башка жерлер категория (курулуш алдындагы) жерлерге которуу боюнча**

Манас айылынын тургуну Коконбаев Болотбектин кашар жана чабан үй куруу боюнча жазган арызын карап көрүп, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдагы 15-июлундагы №145 "жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" Мыйзамын Кыргыз Республикасынын бекитилген " Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" Убактылуу жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен Өмүралиев айылдык кенешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Өмүралиев айыл аймагындагы административдик чегиндеги "Маңдай" участогунун № 397-чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 0.10 га жер участогун "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Короо сарай куруу үчүн" категориясына башка жерлер категория (курулуш алдындагы) жерлерге которууга (трансформациялоо) уруксат берилсин.
2. Жерлерди бир категориядан башкасына же, чабан үйү жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо жагы, арыз ээсинин жеке каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.
3. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарын толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо Өмүралиев айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кубанычбековго милдеттендирилсин.

**Кеңештин төрагасы** **М. Дөөлөталиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ**

---

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 3-ноябрь №123 Манас айылы

Өмүралиев айыл аймагындагы Чырканак сайындагы суу тундуруучу жайды кайра куруу, (отстойник )тундурмадан суу сактоочу жайга чейин (БСР)бетон каналын салуу,суу сактоочу жайдан 113 участкасына чейин лоток салуу үчүн Талас райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор өткөрүү максатында Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын отузунчу кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Өмүралиев айыл аймагындагы Чырканак сайындагы суу тундуруучу жайды кайра куруу, (отстойник )тундурмадан суу сактоочу жайга чейин (БСР)бетон каналын салуу,суу сактоочу жайдан 113 участкасына чейин лоток салуу үчүн Талас райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор өткөрүлсүн.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Кубанычбековко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **М.Дөөлөталиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма тогузунчу кезексиз кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 3-ноябрь №124 Манас айылы

Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырманчы кезексиз кеңешмесинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы №82 токтомуна өзгөртүү киргизүү максатында Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын отузунчу кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырманчы кезексиз кеңешмесинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы №82 токтомуна өзгөртүү киргизилип, Өмүралиев айыл аймагынын Манас айылында "темир бетон зоводу" курулуп жаткандыгына байланыштуу электр энергиясын киргизүү үчүн 100 Квт электр чордондун ордуна 350 кВт 1даана электр чордону орнотулсун.

2. Электр чордонун орнотуу иштерине керектелүүчү каражат Талас райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчы А.Кубанычбековко жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **М.Дөөлөталиев**